| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br><br>**ТҮП РАЙОНУНУН**<br>**ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП**<br>**ТЮПСКОГО РАЙОНА** |

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**XIV-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 9-декабры **№89** Түп айылы

**Түп айыл аймагынын айыл өкмөтүнө лизинг аркылуу жабдуу жана атайын техника алууга акча каражат бөлдүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктун жетекчиликке алып, Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын XIV-сессиясы токтом кылат:

**1.** Түп айыл аймагынын айыл өкмөтүнө таш майдалоочу жабдууну жана "Түп муниципалдык коммуналдык-тиричилик чарбасы" мекемесине саркынды сууларды сордуруучу атайын техниканы лизинг аркылуу төмөнкү шарттарда алууга уруксаат берилсин:

1) Таш майдалоочу PE750x1060 моделиндеги 1 даана жабдууга:
- 30% өлчөмүндөгү акча каражатын Ысык-Көл облустук өнүктүрүү фондусунан суралсын;
- 20% өлчөмүндөгү акча каражатын Түп райондук өнүктүрүү фондусунан суралсын;
- 45% өлчөмүндөгү акча каражатын жергиликтүү бюджеттин эсебинен төлөөөгө макулдук берилсин.

2) Саркынды сууларды сордуруу үчүн SX5185GXW8J401 моделиндеги 1 даана автомашинага:
- 30% өлчөмүндөгү акча каражатын Ысык-Көл облустук өнүктүрүү фондусунан суралсын;
- 20% өлчөмүндөгү акча каражатын Түп райондук өнүктүрүү фондусунан суралсын.
- 45% өлчөмүндөгү акча каражатын жергиликтүү бюджеттин эсебинен төлөөөгө макулдук берилсин.

**2.** Бул токтомдун аткарылышы Түп айыл өкмөтүнүн башчысы У.И.Бозгуновго милдеттендирилсин, көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, ишкердик, тышкы экономикалык байланыш, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**3.** Токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жоопту катчы Ж.Ишембаевага жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б.Абдымамбетов**